УДК 373.2

***Бекежанов М., Исмаилова Ф., Илимгазиева М.***

*Бекежанов Марлис – п.и.к., доц.м.а., С. Нааматов атындагы НМУ*

*Исмаилова Фатима – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

*Илимгазиева М. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАЛА БАКЧАДАГЫ БАЛДАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО

# ТРУДОВОЕ ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ В ДЕТСКОМ САДУ

# LABOR EDUCATION OF CHILDREN IN KINDERGARTEN

***Аннотация:*** *Азыркы мезгилде заманбап өгүгүүнүн жолунда маалыматтардын көбөйүшү, интернет булактарынын жеткиликтүү болушу, социалдык тармактардын эркиндиги, үй-бүлөдөгү ата-эне менен баланын ортосунда карым-катнаш маселелерине да өз таасирин тийгизип жатат. Баланын тарбиясы үй-бүлөдөн башталат. Ал эми үй-бүлөдө балдардын тарбиясына көп көңүл бөлүнбөй, ата-эне да социалдык тармактарда алагды болуп, балдарды эмгекке тарбиялоого кош көңүл мамиле жасоодо.Үй-бүлө – бул маданийтарыхый жана социалдык-психологиялык чөйрө, баланын турмуш мектеби. Ата-эне баланын өмүрлүк устаты жана тарбиячысы. Анын келечеги, билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбия берүүсүнө байланыштуу. Ошондуктан, ар бир ата-эне өзүнүн баласы билимдүү, илимдүү, маданияттуу болуусун алдын-ала эсине алып тарбиялоого милдеттүү. Макалада бала бакчадагы балдарды эмгекке тарбиялоодо, ата-эне менен тарбиячынын кызматташтыгы негизги роль экендигин жана эмгекке тарбиялоодо балдарды жаш өзгөчөлүгүнө жараша эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн жолдору берилген.*

***Аннотация:*** *В наше время на пути к современному обучению распространение информации, доступность интернет-источников, свобода социальных сетей также влияют на вопросы взаимодействия между родителями и детьми в семье. Воспитание ребенка начинается с семьи. В то время как в семье мало внимания уделяется воспитанию детей, родители также отвлекаются на социальные сети и равнодушно относятся к трудовому воспитанию детей. Семья – это культурно-историческая и социально-психологическая среда ребенка. Родитель -наставник ребенка на протяжении всей жизни. Его будущее, образование, культура, поведение также зависят от усвоенной работы родителей, обучения и воспитания. Поэтому каждый родитель обязан воспитывать своего ребенка, заранее помня о том, чтобы он был образованным и культурным. В статье показано, как сотрудничество родителей и воспитателей играет ключевую роль в трудовом воспитании детей в детском саду и способы развития трудовых навыков у детей в соответствии с возрастными особенностями в трудовом воспитании.*

***Abstract:*** *Nowadays, on the way to modern education, the dissemination of information, the availability of Internet sources, and the freedom of social networks also affect the issues of interaction between parents and children in the family. The upbringing of a child begins with a family. While the family pays little attention to the upbringing of children, parents are also distracted by social networks and are indifferent to the labor education of children. The family is the cultural, historical and socio-psychological environment of the child. The parent is the mentor of the child throughout*

*his life. His future, education, culture, and behavior also depend on the learned work of his parents, education, and upbringing. Therefore, every parent is obliged to raise their child, remembering in advance that he is educated and cultured. The article shows how the cooperation of parents and educators plays a key role in the labor education of children in kindergarten and ways to develop labor skills in children in accordance with age characteristics in labor education.*

***Негизги сөздөр:*** *эмгек, эмгекке тарбиялоо, өзүн-өзү тейлөө, турмуш-тиричилик эмгеги, жаратылыштагы эмгек, кол эмгек, тарбиялоо, ишмердүүлүк.*

***Ключевые слова:*** *труд, трудовое воспитание, самообслуживание, бытовой труд, труд в природе, ручной труд, воспитание, деятельность.*

***Keywords:*** *labor, labor education, self-service, household labor, work in nature, manual labor, education, activity.*

Азыркы күндүн негизги талабы баланы тарбиялоо жалпы коомдук иш катары кабыл алынуусу тийиш. Мектеп жашына чейинки тарбия маселесин эң алгач карагандардын бири - атактуу чех педагогу Ян Амос Коменский (1592-1670) болгон. Ал баланын эң башкы мектеби – бул «энелер мектеби» деп баса белгилеген. Я.А. Коменский энелер мектеби баланын дене, адамгерчилик, акыл-ой чөйрөсүн өстүрүп, сүйлөөгө, тыбыштарды туура, так айтууга баланы 3 жашынан баштап тарбиялоо керектигин эскерткен [2].

Кыргызстанда алгачкылардан болуп мектеп жашына чейинки тарбия берүү иштерин изилдеген педагогика илиминин доктору, профессор М.Р.Рахимова, өзүнүн «Кыргыз Республикасында мектепке чейинки тарбия берүү системасын өнүктүрүү» (1917-2003-ж.ж.) деген эмгегинде балдарды үй-бүлөдө, бала бакчаларда тарбиялоо тарыхына кайрылып, кеңеш өкмөтү убагында мектепке чейинки мекемелер системасынын өнүгүүсү, балдарга окуу-тарбия берүүдө үй-бүлө менен бакчанын байланышы жөнүндө баалуу ойлорду айтканы биз үчүн өтө маанилүү [3].

Адамзат цивилизациясындагы 21-кылымга таандык белгиленген көндүмдөрдү өнүктүрүү максатындагы билим берүү системасындагы киргизилген жаңы стандарттын мазмуну, жаңы муундун жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү жана өз алдынчалуулугун арттыруу болуп саналат. Борбордук орунда бала турат. Бала өзү ишмердүүлүктү тандайт, билимине баа берет, жыйынтык чыгарат, андан ары өнүгүү жолун ойлонот, иш-аракет жүргүзөт. Бала тарбиялоодогу мамиледе баланын ишенимин жогору коюу менен шыктандыруу, жан дүйнөсүн түшүнүү, ага көңүл буруу, убакыт бөлүү, биргелешип, акылдашып иш-аракет кылуу, ой жүгүртүүсүн, креативдүүлүгүн өнүктүрүү маанилүү.

«Элдик педагогика – бул улут улут болуп калдыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардан, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүпөркүндөп, адамды муундан-муунга мурасталган, идеялардын, ишенимдердин, ыймандын нарк-дөөлөттөрүнүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы» деп белгилейт этнопедагог А.Алимбеков [1]. Мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоодо бөтөн жактан келген идеалогияларды, методикалык жана программалык материалдарды түздөн-түз кабыл албай, кылым карыткан, турмуштун терең сыноосунан өткөн элдин ой-пикири, накыл сөздөрү, макалылакаптары, санжыралары, каада-салттары жана

көркөм өнөрчүлүктөрүнүн дөөлөттөрү, кыргыз эли үчүн тарыхтын, турмуш-тиричиликтин, философиялык жана педагогикалык бийик ойлору камтылган ырлар, жомоктор, макал-ылакаптар, кенже жана чоң эпосторундагы кызыктуу окуялар менен тааныштыруу маанилүү, алар бала үчүн турмуш менен айкалышкан чоң мектеп болот, -деген К. Сейдекулова. [5]. Демек, кыргыздын макал лакаптары, накыл сөздөрү сүйлөө маданиятын калыптандырууга арналган. Ата-эне бала менен бирге ойноо аркылуу, баланын карым-катнаш маданиятын калыптандыруу менен анын интеллектуалдык (акыл-эс), когнитивдик (таанып-билүү) сезимдерин өстүрүп, адамгерчилик мамилесин да калыптандырат. Балага өзүн ар түрдүү чөйрөдө жакшы алып жүрүүнү билиш үчүн ага мейманга баруунун, мейманды күтүүнүн эрежелерин түшүндүрүү, алкыш айтуу, коштошуу, учурашуу сыяктуу баарлашууун эрежелерин мектепке чейинки убакта үйрөтүү зарыл.

Балдарды эмгекке тарбиялоо үй-бүлөдөн жөнөкөй иш-аракеттерди өздөштүрүүдөн башталып, бала бакчада, мектепте, коомдо, жогорку окуу жайда, ишкана, мекемелерде улантылат.

Эмгекке тарбиялоодо бала бакчанын ролу өзгөчө. Бул тарбиянын ийгиликтүү болушу, аны туура уюштуруп, педагогикалык шарттарды сактоого байланыштуу:

- балдардын эмгеги окуу-тарбия иштеринин милдеттери менен тыгыз байланышта болушу;
- коомдук пайдалуу эмгек баланын жекече кызыгуусу менен жана анын коомго, үйбүлөгө тийгизген пайдасын сезүү;
- эмгек баланын жашына жана күчүнө ылайык болушу, анткени оор эмгек баланын ден соолугуна зыян келтирет;
- коллективдүү жана жеке аткарыла турган иштер жоопкерчилик менен өз убагында, сапаттуу, ийгиликтүү бүтүшү;

Эмгек тарбиясынын натыйжалуулугу балдардын чыгармачыл активдүүлүгүн жана адептүүлүк жактан калыптанышынын пайдубалын түзөт [4].

Эмгекчил адам – иштин көзүн таап, ар ишти бүтүргөнгө, майын чыгара аткарып, аягына чейин жеткирүү менен мамиле кылуусун, кандай жумуш болбосун, аткарып кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгондугу менен айырмаланат.

Эмгектин натыйжасында балдар көптөгөн бийиктиктерге жете алат. Кыргыз эли ар кандай эле доорлордо балдарды эмгекке тарбиялоодо, табият менен таттуу мамиледе болуу идеяларын иштеп чыгып, элдик акылмандыктын туюнтулушу катары, этнопедагогикалык идеяларын жаш муундарга өтө кеңири колдонуп келген. Алардын бир нечесин белгилесек: Оюн жана практикалык иш-аракеттер аркылуу үйрөнүү: Окуунун негизги ыкмаларынын бири оюн жана практикалык иш-аракеттер. Балдар оюн аркылуу үйрөнүшөт, эксперимент жасоо, түзүү жана көйгөйлөрдү чечүү жолдорун табууга мүмкүнчүлүк алышат.

Баалуулуктарды калыптандыруу: Эмгек ишмердүүлүгүнө катышуу процессинде балдар эмгектин баалуулуктарын, жоопкерчиликти, кызматташтыкты, салттарды жана улуу муундарды сыйлоону үйрөнүшөт.

Өз алдынчалыкты жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү: Маанилүү аспект балдардын өз алдынчалык, чечим кабыл алуу жана эмгек ишмердүүлүгү аркылуу чыгармачыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Мындай мамиле балдарга белгилүү бир көндүмдөрдү гана үйрөнбөстөн, эмгекке

жана коомго аң-сезимдүү мамилени калыптандыруу менен мүнөзүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Билим берүүнүн алгачкы этабында балдар эмгекти урматтоого үйрөнүшөт. Алар эмгек акча табуунун гана жолу эмес, инсандык өнүгүүнүн негизги элементи экенин түшүнүшөт. Ар кандай иш аракеттерге жана тапшырмаларга катышуу балдарга практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө, ошондой эле ар кандай жумушка жумшалган күч-аракеттин маанилүүлүгүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Эмгек маданиятын калыптандырууга эмгек тарбиясы да жардам берет. Балдар жоопкерчиликке, тартипке, эмгекчилдикке жана өзүн-өзү тарбиялоого үйрөнүшөт. Максатка жетүү жана инсан катары өнүгүү үчүн эмгек зарыл экенин түшүнүшөт. Эмгекке тарбиялоонун негизги аспектилеринин бири — өз алдынчалыкты жана чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү. Ар кандай иш процесстерине катышуу балдарга көйгөйлөрдүн инновациялык чечимдерин табууга, чечим кабыл алууга жана жаңы көндүмдөрдү үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Эмгек тарбиясы балдарды келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө даярдабастан, коомго салым кошууга жөндөмдүү жарандар катары калыптандырат. Бул белгилүү бир көндүмдөрдү гана эмес, ошондой эле жоопкерчилик, кызматташуу жана башкалардын эмгегин урматтоо баалуулуктарын үйрөтөт.

Мектеп жашына чейинки балдарды жөнөкөй эмгек түрлөрүн өздөштүрүүгө тарбиялоодо: өзүн-өзү тейлөөгө, турмуш-тиричилик эмгегин, жаратылыштагы эмгек, кол эмгеги менен тааныштырып, эмгек аракетинде жоопкерчилик сезимин тарбиялап, эмгектенүүгө болгон ынтаасын калыптандыруу керек. Ал үчүн тарбиячы баланын кызыгуусун туудуруп, эмгектин маанисин түшүндүрүп, иш-аракетке багыттайт, көрсөтөт. Эмгектин кайсы түрү болсо да, ал мектеп жашына чейинки балдардын күнүмдүк турмушунда керек. Ошондуктан баланы мектептеги окууга даярдоодо эмгек аракетинин маанисин эске алып, балдарды чоңдордун эмгеги менен тааныштыруу, аны урматтоо, эмгекке деген кызыгуусун арттыруу, жөнөкөй эмгек түрлөрүн үйрөтүү, көпчүлүк үчүн иштей билүү максаты көздөлөт.

**Биринчи кенже топ (2-3 жаш). Өзүн-өзү тейлөө:** балдардын өзүн-өзү тейлөө жөндөмүн калыптандырууну улантуу (чечинүү, кийинүү, жууну, тамактануу учуру). Кийинүү жана чечинүү процессинде балдарды көңүлдү иш-аракеттердин ырааттуулугуна буруу. Тыкандыкка көнүктүрүү.

**Турмуш-тиричилик эмгеги:** оюн бөлмөсүндө тартипти сактоого, оюндардын аягында оюн материалын ордуна коюуга үйрөтүү. Жөнөкөй эмгек иш - аракеттерди аткаруу үчүн балдарды тартуу. Нан идиштерин (нансыз) жана салфеткаларды коюу үчүн чоңдор менен бирге жана анын көзөмөлү астында үйрөтүү. Чоңдордун эмгегине балдардын байкоо чөйрөсүн кеңейтүү. Чоң адам эмне кылып жатканына көңүл буруу, эмне үчүн ал тигил же бул ишаракеттерди жасайт. Чоңдорго жардам берүүнү каалоосун ойготуу.

**Жаратылыштагы эмгек:** үйдө жана участокто чоң адам өсүмдүктөрдү (сугарат) жана жаныбарларды (багат) кантип багарын байкоо. Балдарды чоңдор менен биргеликте жаратылыш объектилерине кам көрүүгө үндөө, милдеттери коюлган.

Изилдөөбүздүн максатына ылайык Нарын шаарындагы бала бакчаларда сурамжылоо жүргүзүп, анкета алдык. №16 Ыйман бала бакчасынынын жыйынтыктарына талдоо кылсак, ал төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдү берди. Бала бакчанын жогорку тайпадагы балдарынан сурамжылоо жүргүзүүдө 30 баланын

баары ата-энесинин кайсы кесиптин ээси болуп иштегенин, эмне жумуш аткараарын билет. Өз ысымын айтып, жашын айтып, аны манжалары менен көрсөтө алат, 2 гана бала манжасы менен көрсөтө алган жок. Эки бала тартынчаак болгондуктан, уялып суроого жакшы жооп бере алышпайт. Тайпадагы балдардын дээрлик көрчүлүгүнүн баарлашуу денгээли жогорулаганын белгилесек болот. Чонойгондо ким болосуң? -деген суроого тайпанын жарымы атасы же апасы доктур болсо, доктур болом, мугалим болсо мугалим болом дешкен. Ал эми жарымы тактап айтканда 15 бала атасы, апасы иштебеген башка кесипти тандашкан. Себебин сураганда атам ооруйт, аны айыктырам десе 23%, кээ бирлери көп акча табат 16,6%, ал эми калганы -10 % “мага жагат” деген.

Үйдө эмне жумуш кыласың? Атаңа, апаңа кантип жардам бересиң? -деген суроого 4 жаштагы балдар оюнчук жыйнап, идиш жууп, суу ташып жардам берээрин айтышкан. Ал эми 5 жаштагылар оюнчук жыйнап, идиш жууп, суу ташып жардам бергенден сырткары үй шыпырам, картошка аарчыйм, бөбөгүмдү ойнотом, гүлдөргө суу куям деген милдеттерин айтышкан. Ал эми 6 жаштагылар мындан сырткары, кийимдерди бүктөйм, дүкөндөн нан, пияз алып келем, деген жумуштарды кыларын белгилешкен.




Демек, ата-энелер дагы балдарды күнүмдүк жашоодо өзүн-өзү уюштурууга жакшы өбөлгө түзө баштаганына күбө болдук.

Жыйынтыгында, мектепке чейинки балдарга эмгек тарбиясын, руханий өнүгүүсүн калыптандыруу менен бирге эле инсандык касиеттерди калыптоого багытталган педагогикалык процесс төмөнкү өзгөчөлүктөргө ээ болоору аныкталды: ар бир баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша эмгекке тарбиялоо мазмунуна руханий өнүгүүгө басым жасоо, балдардын өз алдынча ишмердүүлүгүнүн ролун жогорулашы үчүн ар түрдүү эмгектенүүнүн жолдорун (өзүн-өзү тейлөө, үй-тиричилик эмгеги: жаратылыштагы эмгек, кол эмгек) киргизүү. Мектепке чейинки балдарга эмгек ишмердүүлүгүн калыптоого багытталган атайын окутуу методдорун иштеп чыгуу белгиленди.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алимбеков, Кыргыз этнопедагогикасы, 1-бөлүк, Б, 1997ж. (7-бет)
2. Каменский Я.А. Материнская школа // Изб.пед. соч.: В 2т. Т.1. - М., 1982. - 224-228 с.
3. Концепция дошкольного образования Кыргызской Республики / Кут билим. - № 3, № 4. – 1995

4. Курбанова З, М. Абдыкеримова, Педагогикадан мамлекеттик экзамен тапшырабыз, Б, 2010ж. 46-бет
5. Сидорова, А.Н. Формирование духовно-нравственных основ личности ребенка старшего дошкольного возраста [Текст]: автореф. дис. канд. пед. наук: 13.00.07 / А.Н. Сидорова. – Челябинск, 2009. – 18 с.